КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кеңешинин VII чакырылыш кезектеги алтынчы сессиясы**

**Учкун айылы** **06.08. 2024-ж**

# ТОКТОМ № 65

## Кулду айылындагы Мөмө-жемиштерди кургатуучу цехин ижарага берүү жана пайдалануу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенствосунун "Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбооруна кошумча каржылоо CASA-1000" долбоорунун координатору М.Э. Баялиевдин 2024-жылдын 19-июнундагы №1—498 катынын негизинде билдирүүнү угуп жана талкуулап, Орозбеков айыл аймагынын жергиликтуу кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги алтынчы сессиясы **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл аймагынын Кулду айылында Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнуктүрүү жана инвестициялоо агенствосунун "Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбооруна кошумча каржылоо CASA-1000" долбоорунун алкагында Кулду айылына уюштурулуп, жумуш орундары түзүлгөндүгү жана Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенствосунун "Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбооруна кошумча каржылоо CASA-1000" долбоорунун координатору М.Э. Баялиевдин 2024-жылдын 19-июнундагы №1—498 каты көңүлгө алынсын жана канааттандырылсын.
2. Күлдү айылындагы Мөмө-жемиштерди кургатуучу цехти бизнес өнөктөшкө убактылуу иштетүүгө ижарага берүүгө макулдук берилсин.
3. Мөмө-жемиштерди кургатуучу цехти мыйзам чегинде ижарага берүү жагы айыл өкмөтүнүн жер адиси Б. Мажитовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы социалдык өнүгүү, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, спорт жана жаштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Бактыбаев**